# Протокол №1

## Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

30- сентябрь .2017-жыл.

Катышканы :30

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. Китепканачынын билдирүүсү. Окуучулардын китеп менен камсыз болушу.
2. Дежурствонун уюштурулушу.
3. Журнал, күндөлүк текшерүүнүн жыйынтыгы.

Бир айлык тарбия иштеринин аткарылышы.

4. 5 – а- класстарынын билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгы.
5. Старттык текшерүүнүн жыйынтыгы.

Кенешменин жүрушу:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Биринчи маселе боюнча китепканачы Канатбек к А билдирүү жасады:

Китепканада жалпы китептердин саны 10808

Адабий китептер – 3732

Окуу китептер – 7076

Таратылган китептердин саны – 3884

Билим берүү министерствосунан келген китептин саны – 313

Жетпеген китептердин саны – 691

Таратылган китептердин маалыматы тиркелет.

Сунуш : 1.Китептерди окуучулар сырттабай жатат. Класс жетекчилер көзөмөлдөсө.

2.Текшерип күнүгө расписание менен китебин алып келуусүн көзөмөлдөсө.

Жарыш сөз: Оторбаева Г – 2017 – 2018- окуу жылына карата сунушталган китептер боюнча таратылдыбы?

Себеби ар бир усулдук бирикмеде сунушталган китеп боюнча программа боюнча план түзүүну карагансыңар . Жетишпеген китеп боюнча камкорчулар кеңеши кайрылуу жазалы.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Окуу китептерини сакталышына көзөмол жүргузү класс жетекчилерге , предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

2. Камкорчулар кеңешинен 10-а кл химия китебин, 11-б кл тарых китептери алып берүү суралсын.

3. Библиотекарь "Манас жаштар уюму" менен биргеликте эки айда бир жолу китептердин абалын текшерип жыйынтыгын жазалык.

4. Уюмдун аткарылышын көзөмөлдө Абышева М жүктөлсүн.

Каралуучу 2- маселе боюнча Абышева М сөз сүйлөдү:

Угулду : жылдагыдай эле класстар арасында дежурствонун графиги түзүлдү .

Графикти окуп берди.

Ар бир мугалим дежурство күнү тургула.

Күндөлүктүн толтурушу тууралы дагы айта кетейин. Окуулат.

Сунуш : тез арада класс жетекчилер күндөлүктөрдү ирээтке келтиресиңер.

Дежурствону өз убагында аткарышсын.

Жарыш сөз : Карагулова А – Күндөлүтордүн абалы өто начар. Баа коюга күндөлүк сурасаң жоготуп жибердим дешет.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде корешем чечим кылат

Чечим:

1. Ар бир мугалим , дежур класс так аткаруу милдеттендирилсин.

2. Күндолүк толтуру ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.

Каралуучу 3- маселеге Сулайманова Г.О төмөнкүлөрдү билдирди:

Угулду : Журналдарды текшерсек төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик. Маалымдама тиркелет.

Сунуш : 1.Журнал өз убагында так , конструкциясы менен толтурулсун.

2.Ар бир жаш мугаилм насаатчысы толтуруусу зарыл.

3.Аткарылышын ар бир класс жетекчиге, предметтик мугалимге журналдын эскертүү жагына кол коюп көрсөтүүсү зарыл.

4.Кетирилген кемчиликтер тез арада жоюлсун.

Жарыш сөзгө чыккандар:

Оторбаева Г – Башталгыч класстын мугалимдери физкультура сабагын өзүбүз беребиз деп алдыңар план программа менен иштегиле Дене тарбияга даярдыгынын көрсөткүчтөрүн толтуруу керек . физкультура сабагын расписание боюнча өткүлө .

Башка сабактарды өтө бересиңер. Журнал негизги документ , иштеген ишиңер журналдан билинет. Абдыразакова Н журналдан көп ката кетирет.

Сунуш : 1.Класстык сааттар журналга өз убагында толтурулсун.

2.Тарбия сааттын план конспектилерине өз убагында кол койдурулсун.

3.Класстын тазалыгын көзөмөлдөө класс жетекчилерге милдетттендирилсин.

Г.М Оторбаева "Бир ай өттү класстык бурчтар бүтпогөн класстар 5-а, 6-б, 7-а –кл.

Эмне себептен бүтпөй жатат.

Таза эмес клаастар 5-а, 8-б. Эскертүү берилсин.

Кузгү кечени 11-а кл өткорсун . эч кандай акча чогултуу болбосун. Окуучулар арасында акча чогултулбасын.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1.Класстык сааттын план конспектилери өз убагы менен толтурулуп, кол коюлсун.

2.Таза эмес деген класстарга эскертуу берилсин.

3.Манас жаштар уюму менен бирдикте тарбия завуч бир айда бир жолу клаастын тазалыгын текшергиле.

4.Журналдын толтурулушу инструкция менен толтуруу , ошондой эле жазуу иштеринин баалары өз убагында коюу жана ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Г Сулаймановага , М.Абышовага милдеттендирилсин.

Төртүнчү маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди:

Угулду : 5-10-сентябрь айында 5-а, 5-б- класстарда кыргыз тилинен , орус тилинен, математикадан жазуу иштери алынып анализ жүргүзүлдү: Маалымдама тиркелет.

Сунуш : 1) жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө зарыл.

2) Жат жазууларды убагында бат-бат жазуу керек .

3)Одоно каталардын үстүндө кошумча сабак аркалуу иш жүргузүү.

Жарыш сөз: Оторбаева Г 2-3-4- класстарда жетишпеген окуучулар.

5-класста деле ошол бойдон калган. Эч кандай өзгөрүү жок. Теңдеме чыгаргандан , көп орундуусандар менен болгон амалдардан кыйналат.

Улам жогорулаган сайын программа оор болот. Жетишпеген окуучулар кантип жетишишет.

Башталгыч класста алып калып окуутуну колго алыш керек.

Сулайманова Г.Б – кол жазмалары эң начар

Окишева Г.И – кол жазмалары начар, жөнөкой көнүгүүлөрдү чыгара албайт. Текшерүү иш женил түзүлүп калды окшойт “2” деген баа болгон жок

Оторбаева Г – апрель айында билим сапатын текшерүүдө жетишпей калган окуучу болсо 5-класска берген предметтик мугалимдер жооп бересиңер.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн жазуу иштерди, тесттерди алып анализ чыгаруу жана жетишпеген окуучулар менен кошумча сабак өтүү жагы бардык мугалимдерге милдеттендирилсин.

2. Кол жазмаларына көңүл буруу жагы тилчи жана башталгыч класстын мугалимдерине жүктөлсүн .

3. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө Сулаймановага жүктөлсүн

4-маселе боюнча мугалимдерди аттестациялоо жөнүндөгү жобону комиссиянын курамынын жетекчиге Г.Сулаймановага билдирүү жасады.

Каралуучу 5- маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди:

Старттык текшернун жыйынтыгын окууду.

( Жыйынтык тиркелет)

“5” ке тaптырган окуу чу аз болду.

Жарыш сөз:

Акматканова А –Үч ай каникулда жүрүп келгенге окуучулар өтүлгөн темаларды унутуп калат экен.

Кеңешме токтом кылат:

Чечим:

1. Старттык текшерүүнүн жыйынтыгы канаттандыраарлык .

2. Старттык текшерүү иште кетирилген кемчиликтерди оңдоо жагы ар бир мугалимге милдеттендирилсин.

3. Тест, жат жазуу , эссе алууда жыйынтыгын анализдеп анализ чыгаруу ар бир мугалимге жүктөлсүн.

**Мектеп директору :** ________ **Оторбаева Г.М**

**Катчы :** ________ **Канкулиева Ж.С**

## Протокол №2

## Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

декабрь 2017-жыл.

Катышканы :30

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. 2-4-класстардын орус тилден сөздүк запастардын жыйынтыгы.
2. Мектеп ичинде предметтик олимпиаданын жыйынтыгы.
3. 9-а,б-кл жалпы окуу-тарбия иштеринин аткарылышы,жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Биринчи маселе боюнча усулдук кеңештин жетекчиси Тентимишова Г.А сөз берилди.

Угулду : “Жалды окуу пландын негизинде2-4-класстардын орус тилден сөздүк запастардын жыйынтыгы текшерилди. Маалымдама тиркелет.

Сунуш : 2-4-класстардын орус тилден берген мугалимдер сабактын берилишин жандандырып , көрсөтмөлүү кылып өтүүсүн сунуштайм.

Жарыш сөзгө: Оторбаева – текшерүү мезгелинде бардык сабактарына катыштым.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме токтом кылат

Чечим:

1. 2-4-класстардын орус тили мугалими Кудайкулова С начар окууган окуучулар менен кошумча сабака өтүп иш алып баруу жагыы милдеттендирилсин.

2. Башталгыч класстын мугалимдери окуучулардын окуп түшүнүгүн айтып бердирүүнү талап кылуу милдеттендирилсин.

Каралуучу экинчи маселе боюнча окуу – тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди . маалымдама тиркелет.

Сунуш :

1. Олимпиаданын материалдарын жогорку денгээлде түзүү.

2. Жыйынтыгын туура баалоо.

3. Биринчи орунга ээ болгон окуучуларды райондук олимпиадага даярдоо.

Жарыш сөздөр:

Кармышева А – Быйылкы олимпиадада системаны башкача түзүп алдык эле окуучулар кадимкидей сезишти

Оторбаева Г – Мектептен 1-орунду алган окуучуларды предметтик мугалимдерди даярдагыла . райондук олимпиадада жакшы жыйынтык болсун.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Олимпиаданын материалдары жогорку денгээлде даярдап, жыйынтыкты көтөрбөй туура баалоо.

2. Мектепте 1-орун алган окуучуларды райондук олимпиадага даярдоо.

3.Чечимдин аткарылыыш көзөмөлдөө окуу – тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О жүктөлсүн.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча түзүлгөн комиссиянын мүчөлөрүнө сөз берилди:

Карагулова А – Маалымдаманы окуду.

( Маалымдама тиркелет.)

9-а, 9-б кл жалпы окуу тарбия иштерин текшерүүнүн жыйынтыгы.

9-а кл караганда 9-б кл билим сапаты өйдөрөөк экени билинди.

Жарыш сөз :

Оторбаева Г -9-а,б кл боюнча текшерүүдө комиссия мүчөлөрү жаш мугалимдерге көбүрөөк сын айтылып жатат .

Ошондуктан жаштар өзүңөр көп окуп , даярданыш керек.

Сунуш :

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. 9-а, 9-б кл мамлекеттик экзамен беришет. Ар бир передметтик мугалим окуучулардын билим сапатын жогоруулатууну колго алсын.

2. 9-а, 9-б-кл жалпы тарбия ишинин терилишинин жыйынтыгы канааттандырарлык деп баалансын.

3. Ар бир предметтик мугалим тест менен иштөөнү жандандырып билим сапатын көтөрүүнү колго алсын.

4. Класс жетекчилер окуучулардын тартибине көз салып , кечикпей сабакка себепсиз келбеген окуучу менен иш алып баруу жандандырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сулайманова Г , Абышова М милдеттендирилсин.

**Мектеп директору: _________ Г.М.Оторбаева**

**Катчы : _________ Ж.С.КанкулиеваПротокол №3**

# Протокол №3

## Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

февраль 2018-жыл.

Катышканы :29

Катышпаган : 1

Себептүү : 1

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. Кыргыз тил сабагынын берилиши , текшерүүнүн жыйынтыгы.
2. 2-4-класстарда текшерүүнүн жыйынтыгы.
3. Усулдук бирикменин , усулдук кеңештин аткарган иштеринин жыйынтыгы.
4. Биология сабагынын берилишинин текшерүүнүн жыйынтыгы.
5. Китеп фондун кароо.

Кенешменин жүрушу:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Биринчи маселе боюнча усулдук кеңештин жетекчиси Тентимишевага сөз берилди:

Маалымдама окулду. ( тиркелет)

Сунуш :

1. Ар бир мугалим күнүмдүк сабактарга план конспектисин кеңири жазуу
2. Ар бир сабакка көрсөтмө куралдар колдонуусу.
3. Класстардан жат жазуу , тесттерди алып , окуучулардын кол жазмаларына көңүл буруп, дептерлерин өз убагында текшерүүлөрү сунушталат.
   Жарыш сөздөр :
   Оторбаева Г.М
   1. Кыргыз тил сабагын эң жакшы деп бердиңер, бирок окуучулар көркөм окууну билбейт. Билим сапатын 50% берип жатасыңар., олимпидадан чыкпайт.

Кудайкулова С – Балдар жат жазуу жазып жыйынтыгы  жакшы экен. Бирок түшүнүктөрүн айта албай жатышат.

Карагулова А – Кыргыз тил ,адабият жазганга сүйлөгонгө үйрөтөсүңөр дагы сүрөт тартууну колго алсаңар. Каармандардын сүрөттөрүн тарттырып ошол боюнча сүйлөм түзүү болсо.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Ар бир мугалимге план конспектини кеңири жазуу милдеттендирилсин.
2. Кыргыз тилчи мугалимдер жат жазуу, дилбаян, тест жаздырууну, колжазмаларына көңүл бурууну колго алсын.
3. Шыктуу , начар окуучулар менен тынымсыз иш алып баруу күчөтүлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдө Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 2- маселе боюнча УБнын жетекчисине сөз берилди:

Тентимишева Г, Сариева Ч, Кыйсаева Б маалымдамаларын окушту. (тиркелет)

Сунуш:

1. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө зарыл.
2. Каталардын үстүндө кошумча иш жүргүзүү.
3. Кудайкулова С сабактардын максаттарын туура коюу.
4. Мугалимдер интерактивдүү ыкманы колдону.

Жарыш сөздөр:

Оторбаева Г – УБнын жетекчилери текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча маалымдаманы кененирээк жазуу керек.

Мисалы Кыйсаева эки мугалимдин сабагына киргенин кыска кылып жазып койгон.

Кармышева А – 5-класска киргенде биз силерге окшоп окуута албайбыз. Программа оор болот.

Математиканынын торт амалын билдирсеңер андан ары жогорку класста окуп кете алат.

Башталгыч класста кол жазмага коңул бургула.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Башталгыч клаастын мугалимдерине балдардын билим сапатын көтөрүү максатында интерактивдүү ыкмаларды өтүү милдеттендирилсин.
2. Сабактын планын жазууда кеңири жазуу колго алынсын.
3. Шыктуу , начар окуучулар менен иштөө жандандырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдө Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 3- маселе боюнча УБнын жетекчисине сөз берилди:

Угулду : жалпы план август айында каралып жыл башында бекитилген. План боюнча иш жүргүзүлдү. (тиркелет)

Сунуш :

1. Предметтик мугалимдер ар бир класстан алган тесттерди шалыштыргыла.
2. Ар бир мугалим шыктуу начар окуугандар менен иштөө жандандырылсын.

Оторбаева Г- Усулдук кеңештин иши деле план боюнча жүргүзүлүп жатат. Бирок билим сапат анча болбой жатат.

Чыгармачылык сабактарды өткөнүңөрдө бардыгы жакшы балдарынар “4” жана “5” алат. Улуттук тест, олимпиадада ЖРТ – начар болуп жатпайбы.

УБнын жетекчилери өзүнөр дагы көрсөтмөлүү сабактарды өтсөңөр.

Планды терен , туура жазуу керек.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Усулдук кеңештин иштеген иштери канааттандырарлык деп бааланcын.
2. 2. Ар бир предметтик мугалим сабак өтүүдө кызыктуу өтүү милдеттендирилсин.
3. Өз билимин өркүндөтүү колго алынсын.
4. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабак берүү ыкмасы жаш мугалимдерге жайылтылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдө Тентимишева Г жүктөлсүн.

Каралуучу 4- маселе боюнча УБнын жетекчиси Кармышева А сөз берилди:

Угулду :

Шабдан Ата орто мектебинде биология сабактарын Айткулиева К берет.

6-а,б, 7-а,б, 8-а,б, 9-а,б, 10-а,б, 11-а,б

Бир жылга түзүлгөн планы бар. ( тиркелет)

Сунуш :

1. Тест менен иштөөнү колго алуу, глава бүткөн сайын тест алуу.
2. Начар окуучулар менен иштөө
3. Көрсөтмө куралдар менен сабак өтүү.

Оторбаева Г – Биология сабагы эң кызыктуу сабак. Башка сабактарга салыштырмалуу жеңил.

Кулуйпа эжей балдарды жакшы окутпай жатасыз.

Сулайманова Г – Биология жеңил сабак . класстын баарынан тест алынды. Билим сапаты 50% жогору берди.

Улуттук тесттен начар берип жатат.

Текшерүү учурунда жакшы сабак өтүүгө аракет кылыш керек.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Биология мугалими Айткулиева К тест менен иштөөнү колго алынсын.
2. Шыктуу начар окуучулар менен иштеп, олимпиададан жогорку балл алууга жетишсин.

Каралуучу 5- маселе боюнча мектептин китепканчысы Бозумовага сөз берилди:

Угулду : Китепканада китептин жалпы саны 9160

Адабий китептер – 5413

Окуучуларга таратылганы – 3577

1-а класс 92 китеп 50,3%

1-б класс 80% камсыз болгон.

Маалымдама тиркелет.

Сунуш ;

1. Класс жетекчилер окуучулардын китептеринин абалын текшерип сакталышына көңүл бургула.
2. Жогорку класстын класс жетекчилери китепканадан балдардын китеп окуусуна көңүл бурушса.

Жарыш сөздөр:

Оторбаева Г – Орус класска караганда кыргыз класстын китеп менен камсыз болушу жогору экен.

Айткулиева К – Китептерди текшерип жатабыз . сыртталбаган китептерди сырттагыла деп эскертип жатабыз.

Оторбаева Г – Камкорчулар 204 китеп алып келген баардыгы окуучуларга таратылып берилген.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме токтом кылат.

Чечим:

1. Китепканада китептердин сакталышына жана окуучулардын китепкана мене тыгыз байланышта болуусун көзөмөл кылынсын.
2. Класс жетекчилер китептин сакталышына жана окуучуларды китеп окуусуна көзөмөл кылышсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдө Абышева М жүктөлсүн.

**Мектеп директору: ____________ Г.М.Оторбаева**

**Катчы : ____________ Ж.С.Канкулиева**

# Протокол №4

## Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

апрель .2018-жыл.

Катышканы :28
Катышпаган : 2
Себептүү : 2

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. Мамлекеттик окуу программасынын аткарылышы.
2. 4-а,б- классында кыргыз тил, орус тил, математика сабагынан экинчи билим баскычынына даярдыгынын жана өздөштүүрусун текшерүүнүн жыйынтыгы.
3. Окуу кабинеттерин жабдуу жана жасалгалоонун жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Каралуучу биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди:

2017-2018- окуу жылынын мамлекеттик программасын аткарылышы боюнча чейрек сайын текшерилип жүрдү.
Мугалимдер жетпеген сааттарын кошумча сабак өтүү менен кошумчалап толуктап жүрүштү.
Мамлекеттик программа аткарылды.
Маалымдама тиркелет.

Сунуш :

1. Окуу програмасын аткарууда ар бир предметтик мугалим план боюнча жериштирүү жана колго алынсын.
2. Үч сааттан программага жетпеген сабактарды кошумча сабак өтүү менен толукташсын.
3. Календарлык планды окуу жылынын башында мөөнөтү менен жыл аягына чейин түзүлсүн, числолор карандаш менен коюуну колго алынсын.

Жарыш сөздөр :

Оторбаева Г- Жыл башында план түзгөндо календарь менен түзүү колго алынсын.

Кошумча сабактын расписаниеси түзүлсүн .

Кенжегулова Г – Жыл башында планды жакшылап программа менен түзсо эле болот.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

Окишева Г – Быйыл жаныртам. Материалдарды толуктайм.

Кармышева А – Так илимдер кабинетинде корсотмо куралдар аз болуп жатат. Жаны окуу жылына карата аракет кылабыз.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Ар бир предмет боюнча жабдылган кабинеттердин жетишпеген жерлерин толуктоо колго алынсын.
2. Математика , химия физика, биология кабинеттери жандандырылсын. Дидиактикалык материалдар менен толукталсын. Ишти жандандыруу усулдук бирикменин жетекчиси Кармышева А жүктөлсүн.

**Мектеп директору: Г.М.Оторбаева**

**Катчы : Ж.С.Канкулиева**